КЫЗМАТТЫК НУСКАМА

(укуктар жана милдеттер боюнча нускама)

Бизнес-инкубатор директору

«БЕКИТЕМ»

ОшМПУнун ректору

_____(колу)

п,и,д., профессор Зулуев Б.Б.

«25» 09 2022 ж.

1. ЖАЛПЫ ЖОБО

1.1. Ушул нускама бизнес-инкубатор директорунун (мындан ары — БИ директору) функционалдык милдеттерин, укуктарын жана жоопкерчилигин аныктайт.

1.2. БИ директору жетекчилер категориясына кирет.

1.3. БИ директору кызматына жогорку кесиптик билими бар жана билим берүү уюмунун ишмердүүлүгүнө ылайык кесиптик багыттагы уюмдарда кеминде 3 жыл иш тажрыйбасы бар адам дайындалат.

1.4. Директор БИ кызматына дайындоо жана кызматтан бошотуу ректордун буйругу менен жүргүзүлөт.

1.5. БИ директору төмөнкүлөрдү билиши керек:

- Кыргыз Республикасындагы ишкердикти, билим берүүнү, илимий, өндүрүштүк-чарбачылык жана финансылык-экономикалык ишмердүүлүктү жөнгө салуучу мыйзамдарды жана башка нормативдик укуктук актыларды;
- билим берүү системаларын башкаруу теориясын жана ыкмаларын;
- жогорку, орто кесиптик жана кошумча кесиптик билим берүү багытындагы адистерди даярдоого байланыштуу методикалык жана нормативдик документтерди;

- салык, экономика жана экология мыйзамдарынын негиздерин;
- бизнес-долбоорлорду пландаштыруу жана каржылоо ыкмаларын;
- эмгекти коргоо, коопсуздук техникасы жана өрт коопсуздугу боюнча эрежелерди;
- ички эмгек тартиби эрежелерин.

1.6. Өз ишмердүүлүгүндө БИ директору ушул кызматтык нускамага, университеттин уставына, университеттин уюштуруучулук-буйрук документтерине, ошондой эле анын ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу башка нормативдик укуктук жана локалдык актыларга таянат.

2. КЫЗМАТТЫК МИЛДЕТТЕР

Бизнес-инкубатор директору төмөнкү милдеттерди аткарат:

2.1. Бизнес-инкубатордун ишмердүүлүгүнө түз жетекчилик кылат, анын ишин уюштурууну, университеттин бизнес-инкубатору жөнүндө жободо белгиленген милдеттер менен функцияларды аткарууну камсыздайт;

2.2. Бизнес-инкубатордун ишинде Кыргызстан Республикасынын мыйзамдарынын, ОшМПУнун уставынын жана локалдык актыларынын сакталышын камсыздайт;

2.3. Бизнес-инкубатордун негизги милдеттери менен функцияларына ылайык анын практикалык ишмердүүлүгүнүн багыттарын жана иш пландарын аныктайт, алардын аткарылышын уюштурат;

2.4. Бизнес-инкубатордун ишмердүүлүгүн финансылык жана материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу маселелерин чечет;

2.5. Бизнес-инкубатордун ишмердүүлүгүн жакшыртуу, анын эффективдүүлүгүн жогорулатуу, штаттык расписание, кызматкерлерди кабыл алуу, которуу, жумуштан бошотуу, аларды сыйлоо же жаза чараларын көрүү боюнча ОшМПУ ректоруна жана департамент директоруна сунуштарды киргизет;

2.6. Бизнес-инкубатор кызматкерлеринин кызматтык милдеттерин аныктайт жана алардын кызматтык нускоолорун ОшМПУ ректорунун бекитүүсүнө сунуштайт;

2.7. Иш кагаздарын мыйзамдарга жана ОшМПУнун локалдык актыларына ылайык жүргүзүлүшүн камсыздайт;

2.8. Локалдык актыларда каралган тартипте жыл сайын бизнес-инкубатордун өткөн жылдагы ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы боюнча отчетту ОшМПУга жеткирет;

2.9. ОшМПУнун локалдык актыларына жана ОшМПУ бизнес-инкубатору жөнүндө жобого ылайык башка ыйгарым укуктарды да ишке ашырат.

3. УКУКТАР

БИ директору төмөнкү укуктарга ээ:

3.1 Өз компетенциясынын чегинде документтерге кол коюуга жана визалоого.

3.2. Университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилеринен өзүнө жүктөлгөн милдеттерди аткаруу үчүн зарыл болгон маалыматтарды жана документтерди талап кылууга жана алууга.

3.3. Зарылчылыкка ылайык, өзүнүн карамагындагы ишмердүүлүк багыттары боюнча учурдагы маселелерди чечүү үчүн башка түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилерин кызматтык жыйындарга катыштырууга.

3.4. Өзүнүн кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн маанилүү болгон университеттин башка ишмердүүлүк багыттары боюнча кызматтык жыйындардын өткөрүлүшүн демилгелөөгө.

3.5. Карамагындагы ишмердүүлүк багыттарына байланышкан маселелерди талкуулоого, чечимдерди кабыл алууга, анын ичинде документтерди жана уюштуруучулук-буйрук долбоорлорун даярдоого катышууга.

3.6. Университет администрациясынын буйруктарын жана көрсөтмөлөрүн мыйзамда белгиленген тартипте даттанууга.

3.7. Өзүнүн кесиптик ишмердүүлүгүн уюштуруу жана материалдык-техникалык жактан камсыздоо боюнча чараларды көрүүгө.

3.8. Өзүнө жүктөлгөн милдеттерди аткарууда университеттин жетекчилигине көмөк көрсөтүү боюнча кайрылууга.

4. ЖООПКЕРЧИЛИК

БИ директору төмөнкүлөр үчүн жоопкерчилик тартат:

4.1. Өзүнө жүктөлгөн милдеттерди аткарбоо же талапка ылайык эмес аткаруу, университеттин Уставын, ички эмгек тартибинин эрежелерин бузуу — Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарында каралган чектерде;

4.2. Университетке зыян келтирүү — эмгек жана жарандык мыйзамдарда белгиленген тартипте жана чектерде;

4.3. Кызматтык ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө жасалган укук бузуулар, окуучулардын жана университет кызматкерлеринин, башка жарандардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузууга алып келген аракеттер же аракетсиздик үчүн;

4.4. Эмгек мыйзамдарын жана эмгек укугу нормаларын камтыган башка актыларды бузууга күнөөлүү болгон адамдар Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине жана башка мыйзамдарына ылайык тартиптик жана материалдык жоопкерчиликке, ошондой эле жарандык-укуктук, административдик жана кылмыш жоопкерчилигине тартылат.

Юрист ОшМПУ _____ **Кармышаков Т.М.**

Нускама менен таанышты (аты-жөнү, колу): _____ **Самат уулу Ч.**